# Бир келет өмүр.

Сөзү:  Байбугуева Күлбүбү

Обону: Турсунбаев Нуркан

Таттыбүбү Турсунбаеванын

Ай чапчып колуң, асманга жетип турсаң да,

Кебелбей туруп, деңизди артка бурсаң да.

Байлыгың батпай, кирпичтен эмес,  алтындан,

Аскадай бийик, ак сарай үйдү курсаң да,

Жатаарың кабыр, кийериң кепин эмеспи!

Бийиктен түшпөй, жер баспай бутуң турса да,

Бийлигиң артып, дөө шаалар колун сунса да.

Ай десе арксыз, күн десе көрксүз перилер,

Алдыңда бийлеп, ажайып дүйнө курса да,

Жатаарың кабыр, кийериң кепин эмеспи!

Бир келет өмүр, бир келет өмүр баалай бил,

Жатаарың кабыр, киериң кепин эмеспи.

Бир келет өмүр, түбөлүк эмес турбайбы,

Таарынтып өздү, жатты да капа кылбайлы,

Жылаңач келип, жылаңач кетер болгон соң,

Жакшы сөз айтып, жаркылдап күлүп жыргайлы,

Аттиңай өмүр бир эле келет турбайбы!!!